<table>
<tr>
<td>

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>
**ОШ ОБЛАСТЫ**<br>
**КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ**<br>
**КАРА-ГУЗ АЙЫЛ**<br>
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ**<br>
**ӨКМӨТҮ**

Жаны-Талаа айылы<br>
С. Маметов көчөсү №69<br>
ОКПО 32659893<br>
ИНН 01203202410386
</td>
<td>

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>
**КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН**<br>
**АЙЫЛ ОКМОТУ**<br>
**КАРАГУЗСКОГО АЙЫЛНОГО**<br>
**АЙМАКА**

село, Жаңы-Талаа<br>
улица С. Маметов №69<br>
ОКПО 32659893<br>
ИНН 01203202410386
</td>
</tr>
</table>

________№__________________
________№__________________

***Кара-Гуз айыл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн кеңейтилген аппараттык жыйынынын***

**П Р О Т О К О Л У**

2025-жылдын 20-январы №________ Жаңы-Талаа а.

**Төрагасы:** Кара-Гуз айыл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы – Иса уулу Нурдин
**Катчысы:** Кара-Гуз айыл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын орун-басары-жооптуу катчысы К. Ш. Каденов

**Катышкандар:** Кара-Гуз айыл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери жана айыл башчылар.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1. Кыргыз Республикасынын "Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзамдары боюнча Кара-Кулжа районунун прокурору, юстициянын подполковниги К.А.Абдымамбетовдун коррупцияга каршы күрөшүү боюнча мыйзамдарга кирген өзгөртүүлөр тууралуу маалыматын аткарууга алуу.**

**Күн тартибиндеги маселе боюнча талкуулап Кара-Гуз айыл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы – Иса уулу Нурдин төмөндөгүдөй маалымат берди:**
Урматтуу кызматкерлер Кыргыз Республикасынын "Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" мыйзамы 2025-жылдын 21-январынан кучүнө кирет ошого ар бир кызматкер декларация толтурганда баардык мүлктөрүңөрдү туура көрсөтүү менен жазышынар керек жана коррупция бул бир эле акча алуу эмес, кызмат абалынан пайдалануу, пайда алып келбеген келишимдерди түзүү, кызмат абалына шалакылык кылган боюнча баары коррупцияга кирет.
**Андан соң Кара-Гуз айыл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын орун-басары жооптуу катчысы К. Ш. Каденов чыгып сүйлөп төмөндөгүлөргө токтолду.** Урматтуу кызматкерлер Аталган Мыйзам 31.12.2024-жылы кабыл алынып, Эркин-Тоо газетасынын 10.01.2025-жылдагы №1 санына жарыяланды жана ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
Бул Мыйзам менен жалпы 8 мыйзам актыларына же Кыргыз Республикасынын КЖКне, "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндөгү" Кыргыз

Республикасынын Мыйзамына, “Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Жергиликтүү кенештин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Негизинен, бул Мыйзам - Кыргыз Республикасынын КЖКнин 42-гл. көрсөтүлгөн Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына карты коррупциялык же башка кылмыштарга байланыштуу 13 беренеге же КР КЖКнин 336-348-беренелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Тактап айтсак, КР КЖКнин 336-бер. - Коррупция, КР КЖКнин 337-бер. - Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу, КР КЖКнин 338-бер. - Бийликтен аша чабуу, КР КЖКнин 339-бер. - Билип туруп пайдасыз контракт түзүү, КР КЖКнин 340-бер. - Мыйзамсыз баюу, КР КЖКнин 341-бер. — Кызмат адамынын ишкердик ишке катышуусу, КР КЖКнин 342-бер. - Пара алуу, КР КЖКнин 343- бер. - Опузалап пара талап кылуу, КР КЖКнин 344-бер. - Пара алууда ортомчулук кылуу, КР КЖКнин 345-бер. - Пара берүү, КР КЖКнин 346-бер. - Кызматтык жасалмачылык, КР КЖКнин 347-бер. - Паспортту мыйзамсыз берүү, КР КЖКнин 348-бер. - Шалаакылык.

Ошол үчүн ар бир кызматкердин кыймыл аракетине жана жасаган иштерине тыкыр көзөмөл жүргүзөбүз, ар бирин өз ишинерди так аткаргыла.

Азыр ар бир кызматкер коррупцияга боюнча маалыматтарга кол коюуу менен милдеттенме аласынар, аны мен ар бир кызматкердин өздүк делолорунарга тиркеп коемун.

Күн тартибиндеги маселе боюнча талкуулап бүткөндөн кийин Кара-Гуз айыл айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы – Иса уулу Нурдин төмөндөгүдөй тапшырмаларды берди:

Урматтуу кызматкерлер баарынар түшүндүнөр, эми ар бирин өз ишинерди ак ниеттүүлүк менен аткарылып мыйзам чегинде иш алып барасынар.

**2. Бул протоколдук тапшырмалардын аткарылышын камсыздоо ар бир кызматкерлерге жүктөлсүн.**

**Чогулуштун төрагасы** **Иса уулу Нурдин**

**Чогулуштун катчысы** **К. Ш. Каденов**